**Буйруктан көчүрмө**

**Буйрук №121**

**"26" август 2022-ж**

**Усулдук бирикме жетекчилерин дайындоо жөнүндө.**

1. 2022-2023-окуу жылында 5 усулдук бирикме иштесин. Усулдук бирикменин жетекчилигине иш тажрыйбасы жайылтылган, алды иш тажрыйбасы жайылтылган, алдынкы мугалимдер дайындалсын.
2. Кыргыз тили,адабияты, орус тили, адабияты, англис тили усулдук бирикмесинин жетекчилигине Термечикова Анара дайындалсын.

**Негизи:** усулдук бирикме жетекчилерин дайындоо

**Мектеп директорунун**

**милдетин аткаруучу:** Э.Э.Джаналиева

**Бекитем**
**Мектеп директорунун**
**милдетин аткаруучу**
**Э.Э.Джаналиева**

**Ж. Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили, орус тили, англис тили усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылына карата иш планы.**

| № | Иштелүүчү иш чаралар | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | 1. Өткөн окуу жылына карата УБ анализи<br>2. Жаны окуу жылында райондук билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин август айындагы кенешмесинин, 2021-2024-жылдары КРсынын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы жана программасы боюнча материалдары боюнча талкуу<br>3. Жаны окуу жылына карата УБ планын талкуулоо, бекитүү<br>4. Окуу программасына ылайык сааттарды бөлүштүрүү | август | УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер |
| 2 | 1. "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мугалимдердин укуктары менен милдеттерин ишке ашыруу, мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү максатында КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндөгү Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 28-декабрындагы № 1097/1 буйругунун 1-пунктуна киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду талкуулоо<br>2. "Кыргыз тилим- кыргыз үчүн жаралган, кымбат баасын улутунан ала алган" 23-сентябрь кыргыз тили мыйзамынын 33 жылдыгына карата сынак, тарб.саат, видео роликтер.<br>3.Заманбап технологиялырды колдоно алуу боюнча ой бөлүшүү. | сентябрь | Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер |
| 3 | 1. Орус тили жана адабияты сабагында мультимедиалык каражаттарды колдонуу (декада) (орус тили, адабияты сабагынын берилиши, окуучулардын билим сапаты, таланттуу, жетишпеген окуучулар менен иштөө)<br>2. Инсанды руханий- адептик жана дене- бой жактан тарбиялоодо мугалимдин, ата- энелердин, коомчулуктун биргелешкен иш- аракети" (концепция боюнча ой бөлүшүү)<br>3. "Кыргыз тили жана адабияты сабактарын берүүдөгү ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүн (угуу, аудирлөө, сүйлөө, окуу, жазуу) коммуникативдик метод аркылуу мультимедиалык каражаттарды колдонуу" темасында декада (кыргыз тили, адабияты сабагынын берилиши, окуучулардын билим сапаты, таланттуу, жетишпеген окуучулар менен иштөө)<br>3. Жат жазуу, текшерүү иш , тесттердин абалы. Мониторинг жүргүзүү | октябрь | УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер<br>Эшмукамбетова Б.<br>Уметова М.<br>Джаналиева Э.<br><br>УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер<br>Тилек к Г.<br>Болотбек к Ж.<br>Термечикова А. |
| 4 | 1. 2021-2026-жылдары КРсында "Кыргыз жараны деп өзүн таануусун өнүктүрүү" концепциясы боюнча иш – чараларды жүргүзүү<br>2. Заманбап тех.каражаттар менен иштөө усулдары<br>3. ЖРТга, олимпиадага, "Алтын тамга", "Алтын сертификатка , PISA -2025 Эл аралык изилдөөсүнө даярдо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер | ноябрь | Предметтик мугалимдер<br>Предметтик мугалимдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 4. 1-чейректин жыйынтыгы, онлайн жазуу иштеринин абалы. Мониторинг чыгаруу . | | |
| 5 | 1. Кыргыз элинин залкар инсандары – Ч. Айтматов, А. Осмоновдун чыгармачылыгы боюнча иш – чараларды өткөрүү<br>2. ЖРТга даярдоонун абалы (11- класстардан тест алуу, мониторинг чыгаруу)<br>3. Окуу куралдардын (айланма дептерлердин, күндөлүктөрдүн) абалы , текшерилиши. | декабрь | УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер |
| 6 | 1. 1-жарым жылдык боюнча билим сапатынын мониторинги, административдик тесттин жыйынтыгы<br>2. Ийрим иштери жана таланттуу окуучулар менен иштөөнүн абалы<br>3. Предмет боюнча жөндөмдүү, жетишпеген окуучулар менен иштөө | январь | УБ жетекчиси<br>предметтик мугалимдер |
| 7 | 1. Англис тили сабагында аудио, видео, иллюстративдик технолгияларды колдонуу менен окуучулардын кызыгуусун арттыруу (декада)<br>2. Англис тили сабагыны берилиши , билим сабаты , жазуу иштеринин абалы.<br>3. Эл аралык эне тил күнүнө карата иш –чараларды өткөрүү<br>4. Учурдагы иштер | февраль | УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер<br>Чакиева Н.<br>Сенарбекова Э.<br>Предметтик мугалимдер |
| 8 | 1. Орус тили адабияты сабактарын окутууда жаны ыкмаларды колдонуу жана турмушта колдонуунун сапатын арттыруу усулдары .<br>2. Кыргыз тили сабагы боюнча ЖРТга даярдоонунабалы, билим сапаты боюнча монитрринг чыгаруу<br>3. 3-чейректин жыйынтыгы , анализ , мониторинг. | март | Предметтик мугалимдер<br>УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер |
| 9 | 1. Zoom, google classroom, kahoot программалары аркылуу тесттин түрлөрү менен иштөө, тест түзүү жолдорун талкуулоо.<br>2. “Менин сүйүктүү жазуучум” темасында адабий кечесин өткөрүү | апрель | Предметтик мугалимдер |
| 10 | 1. Кыргыз, орус, англис тили сабактары боюнча жылдын мыкты окуучусун аныктоо<br>2. Жылдык жыйынтык , анализ , мониторинг чыгаруу<br>3. Предметтер боюнча көчүрүү , бүтүрүү аттестациясына даярдоо. | Май | УБ жетекчиси<br>Предметтик мугалимдер |

УБ жетекчиси : Термечикова А.

Катчы : Тилек кызы Г.

**Ж. Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектеби**

# Кыргыз, орус, англис тили УБ нын 2021-2022-окуу жылынын иштелген иштери боюнча анализ

**Ж. Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз, орус, англис тили УБ нын 2021-2022-окуу жылынды иштелген иштери боюнча анализ.**

Усулдук бирикмеде кыргыз тили, адабияты мугалими Урмамбетова Гүлмира, кыргыз тили,адабияты мугалими Термечикова Анара, кыргыз тили, адабияты мугалими Тилек кызы Гүлзада, орус тили, орус адабияты мугалими Эшмукамбетова Бактыгүл, орус тили,адабияты мугалими Джаналиева Элиза, орус тили,адабияты мугалими Уметова Милана,англис тили мугалими, Исаева Элнура, англис тили мугалими Сенарбекова Элзат, англис тили мугалими Рысбаева Айзада эмгектенишет.

Усулдук бирикменин иш пландары окуу жылынын башында түзүлүп, администрация тарабынан бекитилген. Бирикме мүчөлөрү бардыгы жогорку билимдүү мугалимдер. Бирикме мүчөлөрү толугу менен жүктөмдөр менен камсыз болгон. Окуу жылынын башында түзүлгөн план боюнча төмөнкү иш чаралар белгиленген. Планда календардык пландарды талкуулап, сааттарды бөлүштөрүү. Жөндөмдүү окуучулар жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөө. Окутуу мезгилинде интернетти, интерактивдүү усулдарын сабакта колдонушу. Ар бир предметтин декадасы, окуучулардын тест менен иштөөсү. Предметниктердин өз билимин көтөрүүсү, мектеп аралык олимпиадалар, ай сайын окуучулардын билим сапаты,райондук олимпиадага даярдоо, анын натыйжасы. Кружок жөндөмдүү окуучулар менен иштөө, билим турнири, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга даярдоо планда белгиленген. Предметниктер усулдук бирикменин көйгөйүн, максатын , милдетин аныкташты.

Усулдук бирикменин көйгөйү:

1.Окуучулардын сөз байлыктарынын жардылыгы, заманбап техникалык каражаттарды максаттуу пайдалана албагандыгы жана айрым окуучулардын окууга кайдыгер карагандыгы.

2.Олимпиада, ЖРТ сынамык тесттеринде жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтө албагандык.

Максаты:

Окуучулардын коммуникативдик компотенциясын өркүндөтүү жана сабак берүүдө заманбап усулдарды, техникаларды айкалыштыра пайдалануу, окутуу мезгилинде окуучуларды медиа сабаттуулукка тарбиялоо.

Милдетттер:

1.Заманбап техникалык каражаттарды максаттуу пайдаланууга үндөө ЖРТ сынагынан, олимпиададан жакшы көрсөткүчтөргө жетүүсүнө шарт түзүү.

2.Окуучулардын жазуу жана сүйлөө, угуп кабыл алуу, түшүнгөнүн айтып берүү компетенцияларын өнүктүрүү. Жыл бою пландаштырылган иш чаралар толугу менен аткарылды. Бирикменин алгачкы кенешмесинде өткөн окуу жылынын анализин карап, айрым кемчиликтерге токтолдук. Окутуунун усулдарынын толук сабакта колдонулбаганы, мугалимдер тийиштүү материалдарды учурунда бербегендиги белгиленип айтылды. Бул окуу жылында мындай кемчиликтерди кайталабоо эскертилди.

Жаны окуу жылынын планы талкууланып, администрация тарабынан бекитилди жана мугалимдерге сааттар бөлүштүрүлдү. Мугалимдер толук жүктөмдөр менен камсыз болушту, 15-сентябрга чейин календардык пландарды түзүп, мектеп администрациясына бекиттиришти5-9-класстарга

календардык план предметтик стандарттын негизинде түзүлдү. Ошондой эле предметтик мугалимдер олимаиадага, ЖРТга даярдоо жөндөмдүү, жетишпеген окуучулар менен иштөө пландарын түзүшүп, мектеп администрациясына бекиттиришти. Жөндөмдүү окуучулар, кружок мүчөлөрүнүн тизмелер такталып, атайын файлдар ачылды.

Окуучуларды олимпиадага даярдоодо интернетттен алынган материалдарды кенири колдонуп иштеп жатышат. Предметтик мугалимдер окуу бөлүмүнүн башчысы түзгөн расписание боюнча жумасына эки күн келип, 3 сааттан кем эмес окуучуларды даярдап жатышат.
2021-2022-окуу жылында өтүлгөн "Билимкана" олимаиадасына 8-11-класстын окуучулары активдүү катышышты.6б-класстын эки окуучусу Бейшеналиева т., Турарова Н. Кыргыз тили,адабияты боюнча "Билимкана" кыргыз тили,адабияты респубикалык ол катышышып мактоо грамотасына ээ болушту.

Жаны окуу жылынын башталышы менен кыргыз тили мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 32 жылдыгына карата мектепте иш чара, тарбиялык саат, конкурстар уюштурулуду. Активдүү катышкан окуучуларга жана класстарга грамоталар берилди. Иш чаранын өтүлүшү боюнча маалымат РайБББга өткөрүлдү.

1-чейрек ичинде кыргыз тили, орус тили сабактары боюнча декадалар болуп өттү. Декадалардын максаты окуучуларга заманбап техникалык каражаттарды колдонуп билим сапатын арттыруу болуп саналат. Сабактар коргөзмөлүү жабдылып өтүлдү жана интерактивдүү усулдар колдонулду. Декада учурунда кетирилген ката кемчиликтер убагында ондоого алынды. Декаданын өтүлүшү боюнча маалымат документке тиркелди .

Ал эми 2-чейректин башталышы менен "Манас " эпосунун күнү белгиленди . иш чарага 5-11-класстын окууучулары активдүү катышты. 4-декабрь Манас күнүн белгилөөдө окуучулар Манас айтышып , викторина уюштурулду жана тарбиялык ачык сааттар өтүлдү.
Ал эми 12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата кыргыз тили жана адабият мугалимдери план түзүп Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата жана А.Осмоновдун дүйнөдөн өткөн күнүнө карата көркөм ыр, сценка, монолог , стенгазета, ачык сабактар уюштурулду. Жыйынтыгында улуттук адабият күнү боюнча кечеге активдүү катышкан окуучуларга ардак грамоталар тапшырылды.

Предметтик мугалимдер жыл ичинде иштелүүчү ЖРТ,олимпиадага даярдоо, таланттуу жана начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө пландарын даярдашкан. Анын негизинде мугалимдер план боюнча иш алып барылууда. Ушул окуу жылынын декабрь айында мектеп ичинде предметтик олимпиада болуп өттү. Анын жыйынтыгында кыргыз тили сабагынан райондук олимпиадага
9-класстан Токтогулова Айсезим мугалими – Тилек к. Гүлзада
10-класстан Жыргалбекова Арина мугалими –Тилек к. Гүлзада
11-класстан Аскарова Акылжан мугалими –Термечикова Анара
Орус тили жана адабияты сабагынан
9-класстан Султанова Сайкал мугалими –Эшмукамбетова Бактыгүл
10-класстан Женишбекова Аймончок мугалими –Уметова Милана
11-класстан Шаршебаева Айдай мугалими –Эшмукамбетова Бактыгүл.
Англис тилинен

9-класстан –Айткулова Кенжегүл
10-класстан –Жанузакова Эркайым
11-класстан - Кенешбекова Элаида . мугалими –Исаева Эльнура .
Комиссиянын мүчөлөрү жогоруда аталган окуучуларга райондук олимпиадага катышууга жолдомо беришти.

**Райондук олимпиададан кыргыз тили, адабиятынан 11-класстын окуучусу Аскарова Акылжан 1-орунга жетишти.**

Февраль айында англис тили жумалыгы болуп өттү. "Who knows a lot of words" деген аталыштагы сөздүк конкурсу болуп анын жыйынтыгы 18-февралда чыгарылды.Конкурс ар бир класска өзүнчө өткөрүлүп, ким канча сөз биле тургандыгы текшерилди. Жумалыктын башында The best posters (pictures) «English in my life» темасында жарыяланып, ар бир класс дубал газета,сүрөт чыгарылып жыйынтыгы 19-февралда чыгарылды.14-19-февралга чейин 3-11-класстарда ачык сабактар өтүлдү. Сабактар көргөзмөлүү жабдылган стандартка ылайык өтүлдү. Ачык сабактарга мугалимдер жана администрация катышты. Окуучулар сабактарга активдүү даярданып келип катышып турушту.21-февралда жумалыкты жыйынтыктап 3-11-класстын окуучулары арасында "Lets speak English fluently" темасында викторина, кече уюштурулду. Жалпы жумалыкка активдүү катышкан окуучулар жеңүүчү деп табылып, грамоталар менен сыйланды.
ЖРТга даярдоо 7-10- класстарда ар сабак сайын, ал эми 11-класстын окуучуларына ар бир дүйшөмбү күнү саат 1400-1600 даярдык өтүп жатты. Даярдоо видеосабактардын SECOM, НОВА окуу борборлорунун китептери, тесттеринин, интернет булактарынан алынган материалдардын жардамы менен өтүлүп жатты.

Тесттер, өз алдынча иштер өз убагында алынып, окуучулардын билим сапатынын мониторинги чыгарылды.

Жыл бою 5-11-класстарда бөлүмдөрдү жыйынтыктап, кыскача тесттер, 8з алдынча иштер, жат жазуулар өз убагында алынып, окуучулардын билим сапатынын мониторинги чыгарылды. Бирикме мүчөлөрдүн негизги милдети окуучулардын билим сапаты.Окуу жылынын 1-4-чейректеринин жыйынтыгы боюнча окуучулардын билим сапатынын мониторинги чыгарылды. Кыргыз тили боюнча билим сапаты 41,8% өсүш+1,1% түздү. Кыргыз адабияты боюнча 42% өсүш +1% түздү. Орус тили боюнча билим сапаты 42,8% өсүш+1,2 % түздү. Орус адабияты боюнча 40,3% өсүш +1% түздү. Англис тили боюнча билим сапаты 37,2% өсүш+1% түздү.


Иштеген иштерди анализдөөнүн негизинде келип чыккан көйгөй аныкталды. **Көйгөй:** Олимпиаданын көрсөткүчтөрүнүн жана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусунун төмөндүгү.

Окуу жылында кетирилген кемчиликтерди жана жетишпеген жактарды ондоп, түздөө, билим сапатын арттыруу, окуучуларды сабакка кызыктыруу жагы ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилди . Жана мугалимдердин заман талабына ылайык өз билимин көтөрүүсү, ар тараптуу, компетенттүү мугалим болуусу керектиги абдан зарыл иш экендиги белгиленди

**УБ жетекчиси:** **Термечикова А.А.**

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы кыргыз тили предметинин билим сапатынын мониторинги**


| № | Кл | Мугалим | 1-чейрек % | 2-чейрек % | + -- | 3-чейрек % | + -- | 4-чейрек | «+»/ «-» | 2021-2022 жыйын | «+»/ «-» |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5- | Тилек к. Г. | 37 | 40 | +3 | 40 | = | 40 | = | 40 | +1 |
| 3 | 6-а | Термечикова А | 31,8 | 31,8 | -- | 36,3 | +4,5 | 40 | +1,5 | 40 | +1,2 |
| 4 | 6-б | Термечикова А. | 32,5 | 36,8 | +4,3 | 38,8 | +2 | 44 | +5 | 44 | +1,3 |
| 5 | 7-а | Урмамбетова Г | 40 | 44,4 | +4,4 | 45 | +0,6 | 45 | = | 45 | +1,1 |
| 6 | 7-б | Урмамбетова Г | 40 | 40 | -- | 45 | +5 | 45 | = | 45 | +1,1 |
| 7 | 8-а | Урмамбетова Г. | 38 | 42,8 | +4,8 | 45 | +2,2 | 45 | = | 45 | +1,1 |
| 8 | 8-б | Урмамбетова Г. | 37,5 | 40 | +2,5 | 42,8 | +2,8 | 42,8 | = | 42,8 | +1,1 |
| 9 | 9 | Тилек к. Г. | 33,3 | 38 | +4,7 | 42,8 | +4,8 | 47,6 | +4,8 | 47,6 | +1,4 |
| 10 | 10 | Тилек к. Г. | 36,6 | 42 | +5,4 | 42,8 | +0,8 | 42,8 | = | 42,8 | +1,1 |
| 11 | 11 | Термечикова А. | 37 | 39,2 | +2,2 | 42 | +2,8 | 46,4 | +4 | 46,4 | +1,2 |
| | | Жыйынтык | 36,3 | 39,5 | +3,2 | 39,9 | +0,4 | 41,8 | +1,9 | 41,8 | +1,1 |
| | | | | | | | | | | | |




УБ жетекчиси: Термечикова А.А.

## Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы кыргыз адабияты предметинин билим сапатынын мониторинги


| № | Кл | Мугалим | 1-чейрек | 2-чейрек | + -- | 3-чейрек | + -- | 4-чейрек | «+»/ «-» | 2021-2022 жыйын | «+»/ «-» |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | Тилек к. Г. | 44,4 | 48 | +3,6 | 52 | +4 | 53 | +1 | 53 | +1,1 |
| 3 | 6-а | Термечикова А | 36,3 | 36,3 | -- | 40.5 | +3,2 | 45,4 | +4,9 | 45,4 | +1,2 |
| 4 | 6-б | Термечикова А | 36,8 | 38,8 | +2 | 39,8 | +1 | 44,4 | +4,6 | 44,4 | +1,2 |
| 5 | 7-а | Урмамбетова Г | 44 | 44,4 | 0,4 | 45 | +0,6 | 45 | = | 45 | +1 |
| 6 | 7-б | Урмамбетова Г | 45 | 40 | +5 | 45 | +5 | 45 | = | 45 | +1 |
| 7 | 8-а | Урмамбетова Г. | 33,3 | 42,8 | +9,5 | 42,8 | = | 42,8 | = | 42,8 | +1,2 |
| 8 | 8-б | Урмамбетова Г. | 37,5 | 40 | +2,5 | 42,8 | +2,8 | 42,8 | = | 42,8 | +1,1 |
| 9 | 9 | Тилек к. Г | 33,3 | 38 | +4,7 | 42,8 | +2,8 | 47,6 | +4,8 | 47,6 | +1,4 |
| 10 | 10 | Тилек к. Г. | 40 | 42 | +2 | 46,4 | +4,2 | 50 | = | 50 | +1,2 |
| 11 | 11 | Термечикова А. | 40 | 42 | +2 | 43,5 | +1,5 | 46,4 | +2,9 | 46,4 | +1,1 |
| | | Жыйынтык | 39,6 | 41,2 | +1,6 | 41,8 | +0,6 | 42 | +1,6 | 42 | +1 |
| | | | | | | | | | | | |




**УБ жетекчиси:** Термечикова А.А.

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы орус адабияты предметинин билим сапатынын мониторинги**


| № | Кл | Мугалим | 1-чейрек | 2-чейрек | + -- | 3-чейрек | + -- | 4-чейрек | «+»/ «-» | 2021-2022 жыйын | «+»/ «-» |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | Уметова М. | 39,5 | 40 | +0,5 | 40 | = | 46 | +6 | 46 | +1,1 |
| 3 | 6-а | Эшмукамбетова Б. | 36 | 36 | -- | 40,5 | +4,5 | 42,5 | +2 | 42,5 | +1,1 |
| 4 | 6-б | Эшмукамбетова Б. | 36,4 | 38,5 | +2,1 | 43,5 | +4,5 | 49,5 | +6 | 49,5 | +1,3 |
| 5 | 7-а | Уметова М | 39,5 | 45,5 | +6 | 45,5 | =+ | 46,8 | +1,3 | 46,8 | +1,1 |
| 6 | 7-б | Уметова М | 35 | 40 | +5 | 45 | +5 | 45 | = | 45 | +1,2 |
| 7 | 8-а | Уметова М. | 37,6 | 40,2 | +2,6 | 42,3 | +2,1 | 42,8 | = | 42,8 | +1,1 |
| 8 | 8-б | Уметова М. | 39,6 | 42,2 | +2,6 | 42,6 | +0,3 | 42,6 | = | 42,6 | +1 |
| 9 | 9-кл | Эшмукамбетова Б. | 32,9 | 32,9 | -- | 37 | +4,1 | 42,3 | +5,3 | 42,3 | +1,2 |
| 10 | 10 | Уметова М. | 39,6 | 42,2 | +2,6 | 42,2 | = | 42,2 | = | 42 | +1 |
| 11 | 11 | Эшмукамбетова Б. | 38,5 | 38,5 | -- | 42 | =3,5 | 44 | +2 | 44 | +1,1 |
| | | Жыйынтык | 37,4 | 39,6 | +2,2 | 39,8 | +0,2 | 40,3 | +0,5 | 40,3 | +1 |
| | | | | | | | | | | | |




**УБ жетекчиси:** **Термечикова А.А.**

## Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы орус тили предметинин билим сапатынын мониторинги


| № | Кл | Мугалим | 1-чейрек | 2-чейрек | + -- | 3-чейрек | + -- | 4-чейрек | «+»/ «-» | 2021-2022 жыйын | «+»/ «-» |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | Джаналиева Э. | 39,5 | 40 | +0,5 | 40 | = | 40 | = | 40 | +1 |
| 3 | 6-а | Эшмукамбетова Б. | 36 | 36 | -- | 40,5 | +4,5 | 42,5 | +2 | 42,5 | +1,1 |
| 4 | 6-б | Эшмукамбетова Б. | 36,4 | 38,5 | +2,1 | 43,5 | +5 | 49,5 | +6 | 49,5 | +1,3 |
| 5 | 7-а | Уметова М | 39,5 | 45,5 | +6 | 45,5 | = | 46,8 | +1,3 | 46,8 | +1,1 |
| 6 | 7-б | Уметова М | 35 | 40 | +5 | 45 | +5 | 45 | = | 45 | +1,2 |
| 7 | 8-а | Уметова М. | 32,9 | 36,9 | +4 | 42,3 | +5 | 42,3 | = | 42,3 | +1,2 |
| 8 | 8-б | Уметова М | 39,5 | 42,2 | +2,7 | 42,6 | +0,3 | 42,6 | = | 42,2 | +1 |
| 9 | 9-кл | Эшмукамбетова Б | 32,9 | 32,9 | -- | 37 | +4,1 | 42,3 | +5,3 | 42,3 | +1,2 |
| 10 | 10 | Эшмукамбетова | 26,4 | 30,4 | +4 | 33,8 | +3,4 | 33,8 | = | 33,8 | +1,2 |
| 11 | 11 | Эшмукамбетова Б. | 38,5 | 40,5 | +2 | 42 | +2,5 | 49 | +7 | 44 | +1,2 |
| | | Жыйынтык | 35,6 | 38,3 | +2,7 | 39 | +0,7 | 42,8 | = | 42,8 | +1,2 |
| | | | | | | | | | | | |




**УБ жетекчиси:** [signature] **Термечикова А.А.**

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы англис тили предметинин билим сапатынын мониторинги**

| № | Кл | Мугалим | 1-чейрек | 2-чейрек | Динамика | 3-чейрек | Динамика | 4-чейрек | «+»/«-» | 2021-2022 жыйын | «+»/ «-» |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | Сенарбекова Э | 38 | 32 | -6 | 36 | +4 | 42 | +6 | 42 | +1,1 |
| 3 | 6-а | Исаева Э. | 22,7 | 27,2 | +5 | 32,2 | +5 | 36,3 | +4,1 | 36,3 | +1,5 |
| 4 | 6-б | Исаева Э | 37,5 | 40,5 | +3 | 44,4 | +4,1 | 44,4 | = | 44,4 | +1,1 |
| 5 | 7-а | Исаева Э<br>Рысбаева А. | 38,8 | 38,8 | – | 44 | +5,2 | 44 | = | 44 | +1,1 |
| 6 | 7-б | Исаева Э<br>Рысбаева А. | 35 | 35 | – | 35 | = | 36,8 | +1,8 | 36,8 | +1 |
| 7 | 8-а | Исаева Э. | 28,5 | 32,7 | +4,2 | 38 | +5,3 | 38 | = | 38 | +1,3 |
| 8 | 8-б | Исаева Э | 37 | 37 | – | 42,8 | +5 | 42,8 | = | 42,8 | +1,1 |
| 9 | 9-кл | Исаева Э | 24 | 28,7 | +4,7 | 32,9 | +4,7 | 38 | +5,1 | 38 | +1,5 |
| 10 | 10 | Сенарбекова Э<br>Исаева Э | 43 | 39,2 | +3,8 | 42,8 | +3,6 | 44,4 | +1,6 | 44,4 | +1 |
| 11 | 11 | Исаева Э.<br>Сенарбекова Э | 38 | 39,2 | +1,2 | 42,8 | +3,6 | 43,2 | +0,4 | 43,2 | +1,1 |
| | | Жыйынтык | 34,2 | 35,3 | 1,1 | 35,4 | +0,1 | 37,2 | +1,8 | 37,2 | +1 |




**УБ жетекчиси:** **Термечикова А.А.**

# Көйгөй:

1.Окуучулардын сөз байлыктарынын жардылыгы, заманбап техникалык каражаттарды максаттуу пайдалана албагандыгы жана айрым окуучулардын окууга кайдыгер карагандыгы.

2. Олимпиада, ЖРТ сынамык тесттеринде жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтө албагандык.

Жаңы окуу жылында өткөн 2021-2022-окуу жылында орун алган кемчиликтерди кайталабай, аларды эске алуу менен төмөнкүдөй максат, милдеттер коюлду:

# Максат:

Окуучулардын коммуникативдик компотенциясын өркүндөтүү жана сабак берүүдө заманбап усулдарды, техникаларды айкалыштыра пайдалануу, окутуу мезгилинде окуучуларды медиа сабаттуулукка тарбиялоо .

# Милдеттер:

1. Заманбап техникалык каражаттарды максаттуу пайдаланууга үндөө ЖРТ сынагынан, олимпиададан жакшы көрсөткүчтөргө жетүүсүнө шарт түзүү.
2. Окуучулардын жазуу жана сүйлөө, угуп кабыл алуу, түшүнгөнүн айтып берүү компетенцияларын өнүктүрүү. Мугалимдерге сааттар бөлүштүрүлдү.

# SWOT анализ

| S- күчтүү жагы, жетишкендиги | W- күчсүз жагы |
|---|---|
| Мугалимдер өз предметин билишет<br>Окуучулар менен тил табышып иштей алышат.<br>Окуучулардын сапаттуу билим адуусуна салым кошот.<br>Кошумча маалымат булактарды сабакта ыктуу колдоно алышат.<br>Аралыктан окутууда соц.тармактарды колдонуп онлайн сабактарды өтө алышат. | Айрым учурда предмет боюнча кайтарым байланыштын болбой калуусу.<br>Окуучуларды психологиялык жактан түшүнө албай калган учур , пикир келишпечтиктин болуп кетиши.<br>Райондук облустук олимпиада сынактардан орунга ээ болбой калышы.<br>Аралыктан окутуу мезгилинде тех . каражаттарды туура пайдалана албай калышы,<br>Медиа сабаттуулуктун аздыгы |
| **О- мүмкүнчүлүктөрү** | **Т- коркунучтар** |
| Маалымат алмашуу , усулдук колдонмолорду колдонуу<br>Сабакта интерактивдүү ыкмаларды колдонуп ар тараптуу инновациялык сабактарды өтүү.<br>Кесиптик билимди жогорулатуу , тренинг курстарга катышуу | Жаңы терминдерди , сөздөрдү билбей, окуучуларга түшүндүрүп , которуп бере албай калуу .<br>Өтүлгөн сабак окуучуларга эч кандай таасир тийгизбей калуусу<br>Окуучуларды психологиялык жаткан түшүнбөй калуу, пикир келишпестиктин болуп кетиши |

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили, адабияты, орус тили адабияты, англис тили усулдук бирикмесинин пед жамааты боюнча маалымат.**

| № | Муг. аты-жону | туулган жылы,к уну | Буткон окуу жайы | Кайсыл предмет ти берет | канч а саат | кайсы л тилди берет | кайс ы клас ска кл. жет | стаж | курстан качан откон | сыйлыкт ары | аскерг е милде ттуу | жаш мугали м, пенсия курагы | Телефон номер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мокешова Аида Рыспековна | 16.09.1980 г. | высшее,ИГУ,диплом ДВ №23819 от 29.07.2002 г.,квалиф. учитель кырг.языка и литературы | кыргыз тили, адабияты | 10 | кыргыз тили | | 9л ж 9 ай | ОИУУ 20018г 18-29.18. №116 | | | | 704 755 190 |
| 2 | Эшмукамбетова Бактыгүл Эсенбаевна | 06.03.1961 г. | высшее,ОРГПИ,диплом МВ №276624 от 24.06.1986., квалиф. учитель русский язык и литературы | орус тили, адабияты | 23 | кыргыз тили | 7акл | 36 | РПК 19.08-03.10.2020 | | | пенсионер | 709 780 376 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Джаналиева Элиза Эсентуровна | 18.08.1973 г. | высшее,ИГУ, диплом №CD050037373 от 20.10.2005 г.,квалиф. учитель кырг илитературы | орус тили, адабияты | 14 | кыргыз тили | | 22 | ОИУУ 2018г. 12.05 №674 | | | 701 123 154 |
| 4 | Уметова Милана Турдыкуловна | 13.08.1974 г. | высшее,КГПУ, диплом МВ № 11075 от 12.06.2003г. ,квалиф учитель кырг и литература | орус тили, адабияты | 23 | кыргыз тили | 7б-кл | 21г, 10м | РПК 2021 г 24.03-21.04 | | | 709 639 549 |
| 5 | Тилек кызы Гулзада | 06.07.1993 г | высшее,ИГУ,диплом 2016г.,квалиф.учитель кырг.язык и лит | кыргыз тили, адабияты | 19 | кыргыз тили | 6-кл | 5ж | РПК 24-15.04. 2021г № | | | 703 502 081 |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Сенарбекова Элзат Сенарбековна | 29. 08.1994 г. | бакалавр, ЫМУ. Квалиф учит анг языка, русского языка. Диплом №УБ 160352138, от 20.07.2016 г | англис тили | 21 | кыргыз тили | 11-кл | 6ж | | | | | 703 297 367 |
| 7 | Чакиева Нургул Давытовна | 30.06.1980г | высшее,ИГУ, диплом №ДВ 24044 от 19.07.2002 г.,квалиф.учитель анг.языка | английский язык | 18 | кыргыз тили | | 14ж 8ай | | | | | 0708 755050 |
| 8 | Термечикова Анара Аскеровна | 20.08.1988 | высшее, ИГУ,дипломCD100122481 от 11.07.2010г, квалиф уч кырг яз и литературы | Кыргыз тили,адабияты | 20 | кыргыз тили | 9б-кл | 10 | ОИУУ 2018 г.29.10-10.11. | | | | 700 354 388 |
| 9 | Болотбек кызы Жанара | 15.04.1995 г. | бакалавр,ИГУ,диплом 2016г.,квалиф.учитель кырг.язык и лит | кыргызский язык и литература | 18 | кыргыз тили | 5а-кл | 5ж | | | | | 708 346 764 |

**Ж. Ашымова тындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили, орус тили, англис тили усулдук бирикмесинин кезектеги жыйналышынын август айына карата №1 протоколу.**

Бардыгы -9

Катышканы -9

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1) Өткөн окуу жылына карата УБ нын анализи
2) Жаны окуу жылында райондук билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин август айындагы кенешмесинин, 2021-2024-жылдары КРсынын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы жана программасы боюнча талкуу
3) Жаны окуу жылына карат УБ планын талкуулоо бекитүү
4) Окуу программасына ылайык сааттарды бөлүштүрүү

Угулду: Каралып жаткан 1-маселе боюнча УБ жетекчиси Термечикова А. төмөндөгүлөргө токтолду. Өткөн окуу жылында УБ мүчөлөрү жигердүү иш алып барышты. Окуу жылына карата пландар жыл башында түзүлгөн. Декадалар өз убагында өткөрүлүп, жыйынтыктары усулдук кенешменин жыйынында талкууланып, сабактарга анализ берилди. Окуучулардын билим сапатын текшерүү ( предметтик мугалимдер тест, жат жазуу, өз алдынча иштерин өз убагында алышты) жана мониторинг жүргүзүлүп жатты. ЖРТга, олимпиадага даярдоо, жөндөмдүү, мугалимдин жардамына муктаж окуучулар менен тынымсыз иш жүргүзүлдү. Райондук олимпиададан кыргыз тилинен 11-класстын окуучусу Аскарова Акылжан 1-орунга жетишти. Жыл ичинде аткарылган иштерди анализдөөнүн жыйынтыгында төмөнкү көйгөй аныкталды.

Усулдук бирикменин көйгөйү:

1.Окуучулардын сөз байлыктарынын жардылыгы, заманбап техникалык каражаттарды максаттуу пайдалана албагандыгы жана айрым окуучулардын окууга кайдыгер карагандыгы.
2.Олимпиада, ЖРТ сынамык тесттеринде жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтө албагандык.
Максаты:
Окуучулардын коммуникативдик компотенциясын өркүндөтүү жана сабак берүүдө заманбап усулдарды, техникаларды айкалыштыра пайдалануу, окутуу мезгилинде окуучуларды медиа сабаттуулукка тарбиялоо.
Милдетттер:
1.Заманбап техникалык каражаттарды максаттуу пайдаланууга үндөө
ЖРТ сынагынан, олимпиададан жакшы көрсөткүчтөргө жетүүсүнө шарт түзүү.
2.Окуучулардын жазуу жана сүйлөө, угуп кабыл алуу, түшүнгөнүн айтып берүү компетенцияларын өнүктүрүү. Жыл бою пландаштырылган иш чаралар толугу менен аткарылды. Бирикменин алгачкы кенешмесинде өткөн окуу жылынын анализин карап, айрым кемчиликтерге токтолдук. Окутуунун усулдарынын толук сабакта колдонулбаганы, мугалимдер тийиштүү материалдарды учурунда бербегендиги белгиленип айтылды. Бул окуу жылында мындай кемчиликтерди кайталабоо эскертилди.

Экинчи маселе боюнча Термечикова А. төмөнкүлөргө токтолду: 25-августа предметтик мугалимдер райондук кенешмеге катышып келди. Сексияларда 2022-жылдын 9-августунда "Кут Билим" газетасына жарыяланган Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023- окуу жылынын базистик окуу пландарына түшүндүрмө каты менен таанышышып, календардык-тематикалык пландарды түзүү боюнча талкууга катышышты. Предметтик мугалимдер пландарды түзүүдө бардык өзгөртүүлөрдү

эске алышсын. 2021-2024-жылдары КРнын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы, программаны окуп чыгып, материалдарын өз ара талкууга салынышы сунушталат.

3-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси мугалимдерди бирикменин планы менен тааныштырды. Мугалимдер өз сунуштарын киргизип, усулдук бирикменин көйгөйү, максаты, милдеттери такталды.

Жаны окуу жылында мугалимдер төмөнкүдөй жүктөмдөр менен камсыз болушту

Мокешова А.- кыргыз тили, адабияты -5 саат

Тилек кызы Г.-кыргыз тили, адабияты-21 саат

Термечикова А.-кыргыз тили, адабияты-20 саат

Болотбек кызы Ж.-кыргыз тили, адабияты-18 саат

Эшмукамбетова Б.-орус тили, адабияты-23 саат

Джаналиева Э.-орус тили, адабияты-14 саат

Уметова М.-орус тили, адабияты-23 саат

Сенарбекова Э.-англис тили-21 саат

Чакиева Н.-англис тили-18 саат

Учурдагы иштер талкууланып, усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн оюн угуп жана талкуулап, төмөнкүдөй чечим кабыл алынды.

**Чечим:**

1) Өткөн окуу жылына карата УБ анализи алымча кошумчасы менен канааттандырарлык деп табылсын
2) Окуучулардын билим берүүдө сабактардын жаңы усулдарын, заманбап технологияларды, мультимедиалык каражаттарды кеңири колдонуу жагы предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.
3) Жаны окуу жылына карата УБ планы талкууланып ,бекитилсин
4) Жогорудагы чечимдердин ишке ашырылышын көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин жетекчиси Термечикова Анарага милдеттендирилсин.

УБ жетекчиси : Термечикова А.

Катчы: Тилек к. Гүлзада

**Ж. Ашымова тындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили, орус тили, англис тили усулдук бирикмесинин кезектеги жыйналышынын сентябрь айына карата №2 протоколу.**

Бардыгы -9

Катышканы -9

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мугалимдердин укуктары менен милдеттерин ишке ашыруу, мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү максатында КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим минстрилиги жөнүндөгү Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрилигинин 2020-жылдын 28-декабрындагы № 1097/1 буйругунун 1-пунктуна киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктолорду талкулоо
2. "Кыргыз тилим- кыргыз үчүн жаралган, кымбат баасын улутунан ала алган" 23-сентябрь кыргыз тили мыйзамынын 33 жылдыгына карата сынак, тарб.саат, видео роликтер.
3.Заманбап технологияларды колдоно алуу боюнча ой бөлүшүү.

**Угулду:** Каралып жаткан 1-маселе боюнча УБ жетекчиси Термечикова А. төмөндөгүлөргө токтолду. КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 5-мартындагы №72 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги жөнүндөгү Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин 2020-жылдын 28-декабрындагы №1097/1 буйругунун 1-пунктуна киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолору менен биздин усулдук бирикменин предметтик мугалимдери окуп, таанышып чыктык. Жалпы Билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин милдеттүү түрдө аткаруучу иш-кагаздарынын тизмегиндеги бардык кагаздар менен биздин мугалимдер иштеп келишкен жана дагы да иштей бермекчи. Сабак берүүдө интерактивдүү усулдарды, баалоо усулдарын чыгармачылык менен колдонсо, сабак максатына жетет деп ойлойм.

2-маселе боюнча УБ жетекчиси төмөндөгүдөй баяндама жасады. 23-сентябрда Мамлекеттик тил мыйзамынын 32 жылдыгына карата "Кыргыз тилим- кыргыз үчүн жаралган, кымбат баасын улутунан ала алган" аттуу кече уюштурулду. Кыргыз тили, адабияты мугалимдери, класс жетекчилер менен бирдикте класстык сааттарды, адабий кечелерди, дубал газеталар конкурсун уюштурушту. "Жаш калем" конкурсу кыргыз тилинин гимни менен ачылды. Конкурста эне тили жөнүндө 5-6-7-класстын окуучулары Такенова А. ,Женишбекова У. Султанова Б., Султанова А. Турарова Н. Жашарова А. жана башка окуучулар көркөм ырларды айтышты. Ал эми жогорку класстын окуучулары акыл таймаш, видео ролик, флешмоб тил майрамына карата өз ой пикирллерин, ойлорун , сунуштарын билдиришти.

Эне тил майрамы бир гана 23-сентябрда белгиленбестен күн сайын ар кайсы тармакта эмгектенген кыргыз атуулдары, Кыргызстандын жарандары бил тилди 1-орунга коюшу керек деген пикир менен кече жыйынтыкталды.

Каралып жаткан 3-маселе боюнча УБ дагы ар бир мугалим сабактардын сапатын жогорулатуу үчүн заманбап компьютердик технологияларды кантип колдонуу керектиги боюнча өз билимдерин жогорулатып жатышат. Сабактарда ар кандай ыкмалар, усулдарды, техникаларды колдонууга аракет кылынып жатат. Ал эми сабактардын өтүлүшү,

дептерлердин текшерилиши, окуучулардын сабакка катышуу жана билим сапатын жогорулатуу ар бир сабак сайын предметтик мугалимдер тарабынан байкоого алынып жатат.

Учурдагы иштер талкууланды. Кенешме күн тартибиндеги маселелерди карап, төмөндөгүдөй чечимге келди.

**Чечим:**

1) Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин милдеттүү түрдө аткаруучу иш кагаздарынын тизмесиндеги бардык кагаздар менен тынымсыз иш алып баруу жагы бардык предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

2) Кыргыз тили мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата өтүлгөн иш чаралар канааттандырарлык деп табылсын.

3) Сабактардын өтүлүшү канааттандырарлык деп табылсын, мультимедиялык каражаттарды сапаттуу колдонуу, өз билимин жогорулатуу предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

4) Жогорудагы чечимдердин ишке ашырылышын көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин жетекчиси Термечикова Анарага милдеттендирилсин.

УБ жетекчиси : Термечикова А.

Катчы: Тилек к. Гүлзада

**Ж. Ашымова тындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили, орус тили, англис тили усулдук бирикмесинин кезектеги жыйналышынын октябрь айына карата №3 протоколу.**

Бардыгы -9

Катышканы -9

Каралуучу маселе:

1. Орус тили жана адабияты сабагында мультимедиялык каражаттарды колдонуу (декада) (орус тили, адабияты сабагынын берилиши, окуучулардын билим сапаты, таланттуу, жетишпеген окуучулар менен иштөө)
2. Инсанды руханий- адептик жана дене- бой жактан тарбиялоодо мугалимдин, ата- энелердин, коомчулуктун биргелешкен иш- аракети" (концепция боюнча ой бөлүшүү)
3. "Кыргыз тили жана адабияты сабактарын берүүдөкеп ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүн (угуу, аудирлөө, сүйлөө, окуу, жазуу) коммуникативдик метод аркылуу мультимедиалык каражаттарды колдонуу" темасынды декада (кыргыз тили, адабияты сабагынын берилиши, окуучулардын билим сапаты, таланттуу, жетишпеген окуучулар менен иштөө)
4. Жат жазуу, текшерүү иш , тесттердин абалы. Мониторинг жүргүзүү

Угулду: Каралып жаткан биринчи маселе боюнча УБ жетекчиси Термечикова А. төмөндөгүлөргө токтолду. Октябрь айынын 4-14-числосуна чейин орус тили, адабияты декада болуп өттү. Сабактар коюлган жүгүртмөнүн негизинде өз убагында өтүлдү.Декада учурунда, кече уюштурулду. Сабактар көргөзмөлүүлүк менен өттү. Мугалимдер сабактын жабдылышын жакшы даярдашкан. Интерактивдүү ыкмалар, мультимедиялык каражаттарды колдонушту.

5-октябрда 11-класстарга орусадабияты сабагынан Уметова М. А.А.Блоктун «Пушкинскому дому» деген чыгармасын өттү. Окуучулар чыгарманы жакшы түшүнүшкөн, өз ойлорун эркин айтып берип атышты. 6-октябрь 8-класстарга Самостоятельные и служебные слова деген темадагы сабак болуп өттү. Сабакка класстын 30% активдүү катышты.Сабак максатына жетти. 13-октябрь 8-класстарга Согласование.Согласование в лице и числе темасы өтүлдү.Сабак көргөзмөлүү болду. Кайтарым байланыш болду. Сабактардын бардыгы көргөзмөлүү өтүлдү. Окуучулардын сүйлөө кебине көп көңүл бурулду.

